**Ч.Т.Айтматов атындагы №5 орто мектебинин ишмердүүлүгүнө кызыктар тараптар үчүн**

# сунуш жана пикирлер дептери

Пикир.

Мен 2ᵇ-класстын окуучуларынын ата-энелер комитетинин төрайымы Уракова Дилорам.

Биздин балдарга мектеп администрациясы жана ашпозчулар тарабынан күнүгө ысык, даамдуу тамактар менен тамактандырып жатышат. Биздин балдар күнүгө сиздердин даярдаган тамактарыңыздарды мактайышат. Айрыкча дүйшөмбү күнү берилүүчү сүттүү тамакты күтүшөт. Сиздерге чоң рахмат, ушунчалык биздин балдардын ден-соолугуна камкордук көрүп, витаминдүү, даамдуу тамактар тартуулаганыңызга ыраазычылык билдиремин.

20.09.2021-жыл.

Уракова Д. У.

# Пикир



Мен Сайдулаев Самандардын апасымын. Менин балам 7-б классында окуйт. Балам бир жылдан бою англис тили сабагынан кошумча сабакка катышып келатат. Натыйжасы өтө жакшы болуп жатат. Балам дээрлик көп сөздөрдү үйрөнүп, маектешкен-ге аракет кылып жатат. Окуйт, тексттерди өз алдынча которот, өз оюн баяндашка аракет кылып жатат.

Англис тили сабагынан кошумча сабак уюштурган мугалимдерге, мектеп администрацияга чоң ыраачылык билдиремин. Ишиңерге ийгилик.

Эргашева Д. / /

Таклиф.

Мен Абдуллаева Маржонанинг онаси Абдуллаева Дилрабоман Менинг қизим шу мактабда ўзбек синфда ўқийди. Ўзбек синфлар учун рус тили дарси хафтада 1 соат, шунинг учун рус тилидан қўшимча дарс учун ўқитувчи ажратиб беришингизни мактаб адми-нистрациясидан илтимос қиламан.

Абдуллаева Д

# Сунуш.

Мен $6^{б}$ классынын окуучу Сулайманова Оздананын апасы Парпиева Мавжуда Сабыровнамын.

Ата-эне катары менин сунуштарым төмөнкүдө:

Ар бир ата-эне өз баласын жылуу, таза, жарык, бир сөз менен айтканда, шарттуу, ыңгайлуу окуу жайларда окуусун каалайт.

Ч.Т. Айтматов атындагы №5 орто мектебинин окуу үчүн шарттары талапка жооп берет.

Себеби мектеп чоң капиталдык ремонттон өткөн. Кааналары жарык, жылуу, таза, бардык керектүү эмеректер менен жасатылган.

Бул үчүн урматтуу президентибизге чоң ыраазычылык билдиребиз жана ырахмат айтабыз.

Бирок, ар нерсенин өзүнө жараша өз көйгөйү болот. Ошондуктан айрым нерселерге басым берүү керек деп ойлойм.

Мисалы: тартипти күчөтүү, форма талап кылууну аткаруу керек.

Мугалимдер өз сабактарын жакшы, өз убагында өтүшөт. Милдеттерин так аткарышат.

Парпиева М.С.